**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС
ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР
КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ**

**«26»-декабрь 2025-жыл**

**X чакырылыш
кезексиз XXI сессия**

**ТОКТОМ №4 ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 8-январындагы №1 “Калктын жана ишкердик субъекттеринин салыктык түйшүгүн азайтуу жана салык салууну администрациялоону өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына ылайык, Манас шаарынын 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн такталган пландарын азайтуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 78, 107-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 8-январындагы №1 Жарлыгына ылайык, 24.12.2025-жылдагы шаардык кеңештин бюджет, экономика, каржы жана салыктар боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна ылайык, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз XXI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаарынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн такталган планы (*транспорт каражаттарына мүлк салыгы* жана *айыл чарба жерлерине мүлк салыгы*) 27 900 000 (жыйырма жети миллион тогуз жүз миң) сомго кыскаргандыгына байланыштуу Манас шаарынын жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн такталган планын 27 900 000 (жыйырма жети миллион тогуз жүз миң) сомго №1 тиркемеге ылайык кыскартуу Манас шаардык финансы башкармалыгынын начальнигине (Т.Аким уулу) милдеттендирилсин.
2. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика, каржы жана салыктар боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
4. Ушул токтом Манас шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**